**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО**
**КОМИССИЯСЫ**

723300, Кара-Суу шаары, Ж.Аматов 2
тел: 03232 5-08-80
www.shailoo.gov.kg
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300, г.Кара-Суу ул. Ж.Аматов 2
тел: 03232 5-08-80
www.shailoo.gov.kg
e-mail:adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын**

**№ 29 Чечими**

2024-жылдын 15-ноябрь Кара-Суу шаары

Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн Кара-Дөбө айылындагы №3 участкасынын 4 мандаттуу Жергиликтүү кеңешине талапкер Жумаев Таланбек Аскаралиевичтин арызы боюнча, 13.11.2024-жылы КР ИИМнин райондук бөлүмү тарабынан кылмыш ишин козгоодон баш тартуу токтому менен чогултулган материалдарды кароо жөнүндө.

1. 2024-жылдын 12-ноябрь Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн Кара-Дөбө айылындагы №3 участкасынын 4 мандатуу Жергиликтүү кеңешине талапкер Жумаев Таланбек Аскаралиевич Кара-Дөбө айылынын тургуну Бакиров Тариел Акбаралиевичке айылдын Ынтымактуу вотсап группа аркылуу Жумаев Талантбек Аскаралиевичтин үстүмө шек келтирген деген доомат койгон.

2024-жылдын 13-ноябрь күнү КР ИИМнин райондук бөлүмү тарабынан кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү токтому кабыл алынып Кара-Суу аймактык шайлоо коммисиясынын кароосуна келип түшкөн. Арызды кароодо комиссия Кара-Дөбө айылынын тургуну Бакиров Тариел Акбаралиевич менен байланыша алган жок. Ички иштер башкармалыгынын маалыматтар технологиялар бөлүмүнүн маалыматында көрсөтүлгөндөй учурда Бакиров Т.А чет өлкөдө жүргөндүктөн Кара-Суу аймактык шайлоо коммисиясына чакыртып түшүнүк катты алууга мумкүнчүлүк болгон жок, бирок тергөчүүнүн токтомунда көрсөтүлөн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 66- беренесинде жеке жактарга 125 эсе айып пул салуу ачык бойдон калды .

Жогоруда баяндалгандардын жана 2024-жылдын 12-ноябрындагы Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн Кара-Дөбө айылындагы №3 участкасынын Жергиликтүү кеңешине талапкер Жумаев Таланбек Аскаралиевичтин арызы боюнча тушкөн материалдардын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 20, 21-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №41 токтому менен бекитилген "Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып,

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы,

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Дөбө айылынын тургуну Бакиров Тариел Акбаралиевичтин өзү жоктугун эске алынсын.

2. Бакиров Тариел Акбаралиевичке Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин 66-беренесине ылайык 12500сом өлчөмүндө айып пул салынсын.

3. Бул чечимдин көчүрмөсү БШКнын Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясындагы атайын өкүлү Алдыраков Эрлан Маматович Кара-Дөбө айылынын тургуну Бакиров Тариел Акбаралиевичке протокол түзүү үчүн жөнөтүлсүн.

4. Бул чечимдин көчүрмөсү БШКга жөнөтүлсүн.

5. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Кара-Суу Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы К.Кимсановго жүктөлсүн.

**Кара-Суу Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу Аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Э. Абдраимова.**